# Жебреил периште мага кошуна жөнүндө «мен кошуна да мурас алат экен» деп мен ойлоп калганга чейин насаат айтып жатты

Ибн Умар, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты: «Жебреил периште мага кошуна жөнүндө «мен кошуна да мурас алат экен» деп мен ойлоп калганга чейин насаат айтып жатты".
[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оздон макулдашылган)]

Жебреил периште Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, кайра-кайра кайталап, үйгө жакын жайгашкан кошунасына, мусулманбы же каапырбы, тууганбы же башкабы, анын акысын сактап, ага зыян келтирбестен, ага жакшылык кылып жана анын зыянына сабыр кылып, кам көрүүнү буйруп жатканын кабарлап жатат. Жебреил периште Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, кошунанын акысын сыйлаш керек деп ойлогонго чейин кайра-кайра кайталады. Жебреил периштенин кайра-кайра кайталоосу өлгөндөн кийин кала турган кошунасынын мал-мүлкүнөн мурас берилээрине вахий түшөт деген ойду пайда кылды.



النجاة الخيرية
ALNAJAT CHARITY
لجنة الدعوة الإلكترونية
EDC E-Da'wah Committee